**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**6-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Турист түнөп кетүү үчүн боз үйлөрдүн шаарчасына келип токтоду. Эки боз үйдүн бирөөсүндө калууну чечти.
Турист эки боз үйдүн кайсынысына түнөсө, бир порция «Бешбармак», 1даана курут жана 2 жолу 0,5 л ден кымыз үчүн эң аз суммадагы акчаны төлөйт?

*Туура жоопту тандагыла:*

- ☐ Биринчи боз үйдө
- ☐ Экинчи боз үйдө

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Боз үйлөр шаарчалары**

Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал–турак жайы. Азыркы учурда Ысык-Көлдө боз үйлөр шаарачасы бар, ал жакка туристтер келип эс алышат.



| Биринчи боз үй | |
|---|---|
| Бир түнгө | 800 сом (бир кишиден) |
| Беш бармак | 720 сом (порция) |
| Курут | 30,5 сом (бир даана) |
| Кымыс | 150 сом (1литр) |



| Экинчи боз үй | |
|---|---|
| Бир түнгө | 900 сом (бир кишиден) |
| Беш бармак | 650 сом (порция) |
| Курут | 45,5 сом (бир даана) |
| Кымыс | 120 сом (1литр) |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Төмөнкү маалыматты карап, кайсы жээк жөнүндө сөз болуп жатканын аныктагыла.



Бул жээктеги боз үйлөрдүн орточо ижара акысы – 1160 сом

*Туура жоопту тандагыла:*

- Түндүк жээк
- Түштүк жээк

**Жообун түшүндүрүү менен жазгыла:**

**Боз үйлөр шаарчалары**

Ысык-Көлдүн түштүк жана түндүк жээктеринде боз үйлөр шаарчасы бар. Ал жерге көп туристтер жана эс алуучулар келип эс алышат.

Сүрөттө түштүк жана түндүк жээктеги он боз үйдүн бир сутка үчүн ижара акысы көрсөтүлгөн.



**Суроого жооп берүү үчүн оң жактагы таблицаны пайдалангыла.**

***3-тапшырма.***

6 адамдан турган туристтердин тобу бир түнгө боз үйдө калып, кечки тамакка ар бирине бирден «Куурдак» жана 3л кымызга буюртма берүүнү чечишти.

Туристтер үчүн боз үйлөрдүн кайсынысы арзан болот?

**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

## Боз үйлөр шаарчалары

Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал–турак жайы. Азыркы учурда Ысык-Көлдө боз үйлөр шаарачасы бар, ал жакка туристтер келип эс алышат.

| | Боз үйдүн ижара акысы (1 түн үчүн 1 кишиге ) | Беш бармак (сом) | Куурдак (сом) | Кымыс 1 литр үчүн (сом) |
|---|---|---|---|---|
| **Боз үй №1** | 200 | 600 | 500 | 150 |
| | **Акция: «Ар бир алтынчы конок бекер түнөйт жана бекер тамак ичет»** | | | |
| **Боз үй №2** | 100 | 800 | 450 | 120 |

| Оң жактагы текстти окугула. | Боз үй |
|---|---|
| ***4-тапшырма.*** Боз үйгө киргенден кийин, адам кайра түндүк жакты карап калыш үчүн канча градуска бурулушу керек? **Бир нече туура жоопту тандагыла:** ☐ $90^0$ ☐ $180^0$ ☐ $270^0$ ☐ $360^0$ | Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал –турак жайы. Кыргыздар боз үйдүн эшиги дайыма чыгыш жакты карап тургандай кылып орнотушкан. Демек, боз үйгө кирген адам батышты карап турат.   |

| | |
|---|---|
| **Оң жактагы текстти окугула.**<br><br>***5-тапшырма.***<br>Эгерде Азаматтын ар бир кадамы 50 см болсо, боз үйдүн диаметрин (метр менен) тапкыла.<br><br>**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:** | **Боз үй**<br><br>Боз үй – кыргыз элинин улуттук мүлкү, маданияты. Боз үй көчүп-конууга ылайыкташкан, көчмөн кыргыз элинин каркас, купол сымал – турак жайы. Кыргыздар боз үйдүн эшиги дайыма чыгыш жакты карап тургандай кылып орнотушкан. В чекитин боз үйдүн эшиги деп эсептейли.<br><br>Азамат В чекитинен боз үйгө кирип О чекитине чейин жетти (О чекити боз үйдүн борбору б.а. айлананын борбору) . Ал В чекитинен О чекитине жетиш үчүн 10 кадам жасаган.<br><br>Боз үйдүн чиймеси<br> |